# Депозиттер

*(2014-жылдын 1-жарым жылдыгы)*

2014-жылдын январь-июнь айларында банктык депозиттер рыногунда, мурдагыдай эле, коммерциялык банктардын депозиттик базасынын 2013-жылдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырганда өсүшү байкалган, бул негизинен, рыноктун негизги катышуучуларынын юридикалык жактардын валюталык эсептериндеги каражаттарынын олуттуу көбөйүшү менен шартталган.

**1-график. Иштеп жаткан коммерциялык банктардын депозиттеринин динамикасы (бир мезгилдин акырына)**




**2-график. Аманатчылар боюнча депозиттер түзүмү**




Алты ай ичинде кабыл алынган улуттук жана чет өлкө валюталарындагы депозиттер боюнча пайыздык чендердин көрсөткүчтөрү, жалпысынан өткөн жылдын салыштырылып жаткан мезгилдин маанилеринин деңгээлинде сакталып, олуттуу өзгөрүүлөргө (0-1 ай мөөнөтү менен улуттук валютадагы чендердин 1,4 пайыздык пунктка көбөйүүсүнөн тышкары) дуушар болгон эмес. Мурдагыдай эле, түзүмдөр боюнча депозиттик базанын өзгөрүүсүнүн жогорулатылган тенденциясы ишканалардын эсептериндеги акча каражаттарынын калдыктарынын көбөйүшү, ошондой эле талап боюнча төлөнүүчү депозиттердин жана калктын мөөнөттүү аманаттарынын өсүшү менен шартталган.

Коммерциялык банктардын кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата депозиттик базасынын көлөмү жыл башынан бери 7,8 пайызга көбөйүү менен 72,6 млрд. сомду түзгөн. Мында, көбөйүү депозиттик базанын валюталык түзүүчүсүнүн 13,9 пайызга, 37,4 млрд. сомго чейин өсүшү менен камсыздалган. Сом түрүндөгү аманаттар 2,0 пайызга, 35,2 млрд. сомго чейин ошондой эле көбөйгөн.

2014-жылдын январь-июнь айларынын жыйынтыктары боюнча, депозиттик базаны долларлаштыруу валюталык депозиттер көлөмүнүн өсүшүнүн эң эле жогорку арымдарынын эсебинен 2,8 пайыздык пунктка, 51,5 пайызга чейин көбөйгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде, депозиттик базанын убактылуу түзүмүндө банктардын кардарларынын талап боюнча төлөнүүчү депозиттериндеги каражаттарынын үлүшүнүн 25,2 пайыздан 24,8 пайызга чейин, кредит портфели боюнча мөөнөттүү аманаттардын үлүшү – 39,1 пайыздан 39,0 пайызга чейин төмөндөөсү белгиленген. Эсептешүү эсептериндеги депозиттердин үлүшү 35,7 пайыздан 36,2 пайызга чейин жогорулаган.

Рыноктун концентрациялануу индекси 0,10 деңгээлде сакталган, бул концентрациялануунун орточо деңгээлине ылайык келет жана рынокто бирдей үлүштөгү он катышуучунун катышуусуна эквиваленттүү.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде коммерциялык банктарга депозиттердин агылып киришинин көбөйүүсү белгиленген. 2014-жылдын январь-июнь айларында жаңыдан кабыл алынган депозиттердин көлөмү[1] 2013-жылдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырганда 42,5 пайызга көбөйүү менен 173,2 млрд. сомду түзгөн. Улуттук валютада жаңыдан кабыл алынган аманаттардын көлөмү 84,5 млрд. сомду (+29,1 пайыз), чет өлкө валютасында – 88,7 млрд. сомдук эквивалентти (+58,0 пайыз) түзгөн.

Түзүмдөр боюнча жаңыдан кабыл алынган аманаттардын көбөйүүсү, негизинен талап боюнча төлөнүүчү депозиттердин өсүшү менен камсыз кылынган, алардын көлөмү мезгил ичинде 42,1 пайызга көбөйгөн. Мында, алардын үлүшү 88,4 пайыздан 88,2 пайызга чейин төмөндөгөн. Үлүшүнүн 11,6 пайыздан 11,8 пайызга чейин кеңейиши менен мөөнөттүү депозиттердин көлөмү да көбөйгөн (+45,1 пайыз).

**3-график. Мөөнөттүүлүк категориялары боюнча улуттук валютадагы депозиттердин пайыздык чендеринин орточо деңгээли**




Улуттук валютадагы жаңыдан кабыл алынган депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 2013-жылдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырганда 0,1 пайыздык пунктка төмөндөө менен 2,2 пайызды түзгөн. Мында, улуттук валютадагы мөөнөттүү депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 9,5 пайызды (+0,1 пайыздык пункт), ал эми талап боюнча депозиттер боюнча – 1,3 пайызды (-0,2 пайыздык пункт) түзгөн.

**4-график. Мөөнөттүүлүк категориялары боюнча чет өлкө валютасындагы жаңы депозиттердин пайыздык чендеринин орточо деңгээли**




Чет өлкө валютасындагы жаңыдан кабыл алынган депозиттер боюнча чен 2013-жылдын ушул эле мезгилиндеги 0,8 пайыз деңгээлде сакталган. Мында чет өлкө валютасындагы талап боюнча төлөнүүчү депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 0,1 пайызды түзүү менен өзгөргөн эмес, мөөнөттүү депозиттер боюнча чен 5,7 пайызды түзүү менен 0,3 пайыздык пунктка төмөндөгөн.

[1] Жаңыдан кабыл алынган депозиттердин көлөмүндө банктардын кардарларынын эсептешүү эсептери эске алынбайт.